# *Насаатчылыкты уюштуруу.*

1. *Насаатчынын талапкерлигине усулдук бирикменин чогулушунда тажрыйбалуу педагогдордун арасынан сунушталат,директордун орун басары менен макулдашылып,мектептин директорунун буйругу менен бекитилет.*

2. *Насаатчынын ишин мотивациялоо үчүн эмгек акы фондунан маяна төлөнөт.*

3. *Насаатчынын жаш адис менен алып баруучу ишинин планы түзүлөт.*

4. *Жаш адистин кесиптик өнүгүүсү боюнча ишинин планы түзүлөт.*

5. *Насаатчылыктын натыйжалуулугунун критерийлери түзүлөт.*

6. *Зарылчылыгына жараша Насаатчылар кеңеши түзүлөт.*

7. *Администрация менен Насаатчылар кеңеши тарабынан насаатчылардын ишине көзөмөл жүргүзүлөт.*

Scanned by TapScanner

# *Насаатчылар кеңешин уюштуруу.*

***Мектепте насаатчылардын саны (7-9 адам)жетиштүү болгон учурда    аларга усулдук жетектөөнү ишке ашыруу үчүн коомдук башкаруу органын –Насаатчылар кеңешин түзсө болот.Насаатчылар кенешинин курамы мектептин педагогикалык кеңешинде аныкталат жана директордун буйругу менен бекитилет.Ага директор өз алдынча өзгөртүүлөрдү киргизе алат.***

***Насаатчылар кеңеши өз ишин мектеп администрациясы жана аттестациялык комиссия менен макулдаштырып турат.***

***Насаатчылар кенешинин биринчи чогулушунда башчы,анын орун басары шайланып,кеңештин мүчөлөрүнүн арасында милдеттер бөлүштүрүлөт.Насаатчылар кеңеши өз чогулуштарын чейрек сайын өткөрүп турат жана мектептин педагогикалык кеңешинде өз иши боюнча жылына бир жолу отчёт берет.***

***Кеңештин негизги максаты-мектеп администрациясына насаатчыларды тандоодо,окутууда жардам көрсөтүү жана алардын ишин жөнгө салып турат.***

Scanned by TapScanner

## *Насаатчылар кеңешинин функциялары.*

*1.Насаатчыларга коюлуучу бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу.*

*2.Насаатчылык тажрыйбасын жалпылоо жана жамааттык баа берүү.*

*3.Насаатчылардын кесиптик даярдыгын жогорулатууну уюштуруу.*

*4.Насаатчылыктын натыйжалуулугун,усулдук иштелмелерди жана сунуштарды даярдооменен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөө.*

## *Насаатчылар кеңешинин милдеттери.*

*1.Насаатчылар резервин тандоого жана жаратууга катышуу.*

*2.Насаатчыларга усулдук жана практикалык жардам көрсөтүү.*

*3.Насаатчылардын алдыңкы иш тажрыйбасын изилдөө,жалпылоо жана жайылтуу.*

*4.Чогулуштарда насаатчылардын жана жаш адистердин аткарган иштери жөнүндөгү отчётторун угуу.*

Scanned by TapScanner

**№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жаш мугалимдер менен жүргүзүлгөн иштердин планы.**
**2021-2022-окуу жылы.**

| № | Өткөрүүлүүчү иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаш мугалимдердин ар бири менен аңгемелешүү | дайыма | Шабданова А. Профсоюз |
| 2 | Күндөлүк, тарбиялык, календарлык пландарды түзүүгө жардам берүү | Чейрек сайын | Шабданова А. Усулдук бирикменин башчылары |
| 3 | Жаш мугалимдер менен семинар өтүү | сентябрь | Шабданова А.А. Профсоюз |
| 4 | Журналдарды толтуруу жөнүндө маалымат | сентябрь | Шабданова А. |
| 5 | Көрсөтмө куралдарды, дидактикалык материалдарды жасоого жардам берүү | убагында | Шабданова А.А. Усулдук бирикменин башчылары . |
| 6 | Өз билимин өркүндөтүүгө жардам берүү | дайыма | Шабданова А. Усулдук бирикменин башчылары. |
| 7 | Окуучулар коллективи менен иштөөгө үйрөтүү | | Профсоюз Качыбекова А. |
| 8 | Жаш мугалимдерге насаатчыларды бекитүү | сентябрь | Шабданова А. Усулдук бирикменин башчылары. |
| 9 | Тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына катышуу | дайыма | Жаш мугалим |
| 10 | Жаш мугалимдердин сабагына тажрыйбалуу мугалимдердин катышуусу жана жардам берүү | дайыма | Насаатчы мугалим,ОББ. |

Мектеп директору: Султанова З.А.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Шабданова А.А.

Scanned by TapScanner

**№ 4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жаш адистери жөнүндө маалымат**

| № | Ф.А.А. | Туулган күнү, айы, жылы | Стажы | билими | Окуган окуу жайы бүтүргөн жылы (бюджет, контракт) | Адистиги диплом боюнча | Предмети |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Суранчиева Жазгул | 06.08.1988 | 2 | бүт. жогорку | ТИПИ | Башт.класс | Башт.класс |
| 2 | Козугулова Айпери | 001.03.1992 | 2 | жогорку | ОшКУУ. | Англ. тил. | Англ. тил. |
| 3 | Исманова Улара | 10.03.1993 | 1 | бүт жогорку | ТИПИ | Башт.класс | Башт.класс |
| 4 | Замирбек к. Гулмира | 11.06.1990 | - | Атайын орто | ЦАК | Башт.кл | Матем, информ |

Мектеп директору: Султанова З.А

Scanned by TapScanner

«Бекитемин»

Мектеп директору

Султанова З.А.

№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жаш мугалимдери насаатчылыкка бекитүү.
2021-2022-окуу жылы.

Шабданова А. – жалпы жетекчи

| № | Насаатчы мугалим | Жаш мугалим | Предмети |
|---|---|---|---|
| 1 | Смаилова Уркуя Касымалиевна | Исманова Уларкан | Башталгыч класс |
| 2 | Сопиева Айнагул Орозбековна | Козугулова Айпери | Англис-тили |
| 3 | Суранова Санавар | Замирбек к Гулмира | математика |
| 4 | Алтынбаева Назгул Курманбековна | Суранчиева Жазгул | Башталгыч класс |

Scanned by TapScanner

№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында усулдук кеңештин жыйналышынын протоколу.

16.09.2021. Катышты - 7

Каралуучу маселелер:

1. Жаш мугалимдерге насаатчыларды бекитүү, насаатчылар кеңешин түзүү.
2. Жаш мугалимдерге семинар өтүү (журналдарды толтуруу, календардык, күндөлүк пландарды түзүү, көрсөтмө куралдарды насаатта жүргүзгөн иштер жөнүндө)

1-маселе боюнча усулдук кеңештин төрайымы А.А. Шабданова 2021-2022-окуу жылында жаңы жаш адистер менен толукталганын айтып, алар менен тааныштырды.

Ар бир жаш мугалимге тажрыйбалуу мугалимдерден насаатчы мугалимдер бекитилди. Алар:

1. Смаилова У.К. - Иманова У. (баштапкы класс)
2. Сопиева А.О. - Козукулова А. (англис тили)
3. Алтынбаева Н.К. - Сураншиева Ж. (баштапкы класс)
4. Суранова С. - Замирбек к. Г (математика)

Насаатчылык кеңеш түзүлүп, алардын функциялары, милдеттери менен тааныштырып өттү.

2-маселеде усулдук кеңештин төрайымы А.А. Шабданова жаш адистерге семинар өттү. Семинарда предмет боюнча календардык пландын түзүлүшү, күндөлүк план-конспектин жазылышы, журналдарды толтурууда көрсөтмөлөр менен тааныштырып, так маалымат берди.

Сабактардын сапаты, мазмуну, окуучуларга

Scanned by TapScanner

жеткиликтүүсү, сабактардын типтүү кемчи-
ликтери тууралуу усулдук материалдар
менен слайддарды пайдаланып усулдук ма-
териалдарын баяндады.

Жогорудагы маселелерди угуп жана
талкуулап усулдук кеңеш төмөнкүдөй
чечим кылат.

1. Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип, насаатчылар кеңеши түзүлсүн.
2. Насаатчылар кеңешинин мүчөлөрү өз функцияларын, милдеттерин өз убагында аткарууга милдеттендирилсин.
3. Насаатчылар жаш адистердин чыгармачыл изденүүсүнө көмөктөшүп, жардам берүү иши колго алынсын.
4. Насаатчылар менен жаш мугалимдер аткарган иштери тууралуу анализ берип туруусу милдеттендирилсин.

Усулдук кең. төрайымы: Шабданова А.А.

Scanned by TapScanner